Шакитов Ш., Алыбаева А., Алмазбекова Р.
*Ж.Алышбаев ат. Ысык-Кёл кооперация институту*

# ТУРИСТТЕРГЕ ЭЛ АРАЛЫК ИНФРАСТРУКТУРА КЕРЕК

*Макалада Кыргызстандагы, анын ичинде Ысык-Көлдөгү туризмдин инфраструктуралык абалы жана аны өркүндөтүүнүн актуалдуу айрым маселелерине көңүл бөлүнөт.*

Ысык-Көлдун жака-бели азырынча көзгө басар туристтик зонабыз болуп жаткан соң, ушул аймакта жайгашкан эс алуу борборлорун, курорттук жайларды, санаторийлерди, жеке секторлорду (конок үйлөрүн) дүйнөлүк стандартка жакындаштыруу − мезгилдин милдети. Мындайча айтканда, туристтердин ойдогудай эс алуусу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүүгө, кызматчылардын тейлөө маданиятын көтөрүүгө, туризм тармагына адистешкен билимдүү кадрларды жетилтүүгө айрыкча көңүл буруу кщн тартибинде турат.

Ырас, Ысык-Көлдүн кщнгёйщ, тескейи төгөрөгү төп келген эс алуу жайларынан, уникалдуу архитектуралык курулуш-тардан куру эмес. Сары-Ой айылындагы «Радуга» туристтик комплекси жана Чолпон-Атадагы «Рух Ордо» маданий-тарыхий комплекси, жакын арада Ысык-Көлдүн түштүк жээгинде дал ушундай аземдиктеги дагы бир тарыхий-маданий жай курулмакчы. Анын курулушу жети-сегиз айдын ичинде эле бүткөрүлөрү, рухий дөөлөттөргө кызыккан чет өлкөлүктөр демөөрчүлүк кылууга ынтызар болуп жатышканы тууралуу пикирлер кез-кез айтыла калып жүрөт. Эгерде көл жээгинде бош жерлерди гүлдөтщп, туристтик комплекс курам деген атамекендик ишкерлерге мамлекет жеңилдетилген шарттарды түзүп, чын пейилден көмөктөшсө, эртеби-кечпи үзүрүн көрөбүз.

Кыргызстанда курорттук-рекреациялык, элиталык, ишкердик, экологиялык туризмди, тоо туризмин, альпинизмди талаптагыдай өнүктүрөбүз десек, туризм тармагындагы буга чейин чечилбей келеткан актуалдуу бир катар маселелерге мамлекеттик деңгээлде көңүл буруубуз абзел.

Туризм Кыргызстандын экономикасын өнүктүрүүчү тармактардын катарына кирери белгилүү. Чындыгында, биздин өлкөбүз өтө сейрек кездешүүчү туристтик потенциалга ээ жана мезгили келгенде дүйнөнүн туристтик өлкөлөрүнө жетишерлик атаандаш болушу мүмкүн. Бизде туризмдин кайсыл гана түрүн болбосун, өнүктүрүүгө шарт бар. Курорттук рекреациялык, экстремалдык туризмдин бардык түрлөрщн өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүктөр кенен. Ички Теңир-Тоонун ажайып жайлоолору менен көлдөрү, Сулайман-Тоо, Ташрабат, Кошой-Коргон, Сафетбулан, Бурана, Кызыл-Суудагы Будданын жайы, Ысык-Көлдөгү байыркы несторийчиликтин издери табылган шаарча сыяктуу археологиялык эстеликтер, Саймалуу-Таш, Апшырсай өңдөнгөн тарыхый жазылмаларды мындай коёлу, шаркырап аккан тоо суулары, Хан-Теңири жөнөкөй эле көчмөндөр цвилизациясынын сүртүмү болгон.

Жайлоо туризми – урбанизацияланган жашоодон тажаган чет элдик айрым туристтер үчүн эс алуунун өзгөчө бир түрү. Бирок, тилекке каршы, эгемендүүлүктү алган жылдан бери бул тармакты өнүктүрөбүз деген сөз кагаз жүзүндө гана калып келгендей болуп, бирде спорт комитетине, бирде соода жана өнөр жай министрлигине түрткүнчүлүк болгон туризм тармагы өз алдынча Мамлекеттик агенттик катары

2012-ж. гана иш жүргүзө баштады.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик туризм агенттигинин берген маалыматына таянсак, быйылкы туристтик сезондо чет өлкөдөн былтыркыдай эле 1 миллиондон ашык туристтин келиши күтүлүүдө. Буга байланыштуу, ириде, туристтик тейлөөнү мыктылап уюштуруу иши Кыргызстандын мойнунда. Туризмди өнүктүрүү үчүн керектүү инфраструктуралык шарттар жетишпейт, тейлөө тармагы ойдогудай эмес деген пикирлер арбын. Инфраструктураны өнүктүрүү үчүн туристтик тейлөөчү мекемелерди салыктан бошотуу керек деген сунуштар да айтылган. Мындай пикирди жактоочулар бул практиканы, маселен, Туркия мамлекети сегиз жыл бою колдонуп, туризмди өнүктүрүп-өстүрүп алды деген ойду айтышууда. Өлкөгө туристтерди арбын тартуу максатында Европанын айрым өлкөлөрү үчүн визалык режимди алып салуу керек дегендер да бар. Бирок, инфраструктурабыз оңолмоюн, ал жактын туристтери бизге келиши да кщмөн. Чөнтөгү калыъ турист мыкты тейлөөгө баары бир муктаж жана ал Кыргызстанды бүт кыдырып чыгууга кызыгат. Дал ушундай турист гана инфраструктуранын оңолушуна, тейлөө сапатынын жакшырышына көмөкчү болуп, мамлекеттик бюджетке «алтын» акчаларды алып келмек. Бирок бизде туризм десе эле, Ысык-Көлдөгү курорт, санаторийлер эске келет. Себеби туристтердин басымдуу бөлүгү Орусиядан, Казакстандан Ысык-Көлгө пляждык сезондо гана келишип, алардын көбү тейлөөнүн сапатына анча көңүл бөлүшпөйт. Алар, керек болсо, тамак-ашын да өздөрщ ала келишип, аз акчага көп эс алып кетүүнү каалашат. Эс алуу жайларында иштегендер Россия, Казакстандан келген айрым туристтер жөнүндө «ой, сүлгүъөр кир болсо мейли, бизге көлгө түшүп, эс алганыбыз эле дурус» дегенин кубануу менен кеп салганын угуп өкүндүк. Чындыгында, мындай туристтер касиеттүү көлүбүзгө келип эс алып, туристтердин санын көбөйткөнү менен, туризмдин өнүгүшүнө өбөлгө болуп бере алышпайт.

Бул тармактын өнүгүшү үчүн туризмди тейлөөдөгү эл аралык стандарттын бардык ченемдердин колдонуубуз кажет. Тейлөө тармагы жагынан бир топ аксап келебиз. Мейманканалар, коомдук тамактануу сервисттик тейлөөлөр туризм тармагы үчүн өтө маанилүү болуп эсептелет. Буга байланыштуу, акыркы жылдарда туризм тармагында кадр маселеси да абдан курч коюла башталды. Мисалы, 2013-ж жогорку окуу жайларда туризм боюнча адис 155 бүтүрүүчү гана даярдалган. Кыргыз туроператорлору көбүнчө жогорку же орто окуу жайларда кадрларды даярдоо деңгээли төмөн деп нааразыланышат. Адистер көбүнчө чет тилдерин, компьютердик программаларды, команда менен иштегенди, кардарлардын суроо-талаптарын билбей кыйналышат. Ошондуктан туризм тармагын өнүктүрүүгө заманбап адистер да абдан зарыл. Эгерде Ысык-Көлдө керектүү инфраструктуралык шарттар түзүлсө, 2,5 миллиондон ашык туристтерди тейлегенге мүмкүнчүлүктөр бар. Мындай потенциал Советтер Союзу мезгилинде эле белгилүү болуп, эсептелип чыккан. Бирок, шартка байланыштуу, 2 миллион адамды тейлөөчщ шарттар Көлдө азырынча жок.

Аъчылык туризми курорттук туризмден кийинки орунда. Туризмдин бул түрүнө Аксай, Арпа жайлоолоруна, Ысык-Көл аймагына кызыкдар туристтер да арбын. Алар, негизинен,

аркар, кулжанын мүйүздөрүнө кызыгып келишет. Бирок акыркы жылдарда аркар, кулжанын саны азайып бара жатканын тиешелүү эксперттер белгилешүүдө. «Мүйүздү болобуз деп кулагыбыздан айрылдык» дегендей, туризмди өнүктүрөбүз деп жатып, экологиябызды бузуп албайлы деген пикирлер да арбын. Өзгөчө, Сулайман-Тоого асма жол куруу идеясы боюнча көптөгөн кайчы пикирлер айтылды. Бул багыттагы иштерди жолго коюуга жаъыча изденүүлөр, жигердүү адистер зарыл. Инфраструктураны жакшыртуу, адистигин жогорулатуу менен эл аралык стандартта тейлөө сапатын уюштуруу бүгүнкү туризм үчүн абдан маанилүү.

Туристтерди Кыргызстанга, анын ичинде Ысык-Көлгө тартуу ыкмасы бул – Каркыра жайлоосуна кызыктыруу. Каркырадагы туристтик фирма Чаар–Кудукта жайгашкан.

Каракол-Чаар-Кудук аралыгы 120 км, бир сааттык жол, бирок үч-төрт саатта келүүгө болот. Улам токтоп, теребелге көз чаптырып, жаратылыштын кооздугуна суктанасыъ; аны сүрөткө тартпай, сыймыктанбай коё албайсыъ Шаардыкына салыштырганда, Каркыранын жолу да түзүк: чөнөксүз, суу каптаганы деле көрүнбөйт. Илгеркидей көрүнгөн жерге жол салып, жайытты бузган машиналар байкалбайт. Мындан деле машинанын көптөгөн маркаларын - «Москвичтен» «Лексуска» чейинкилерди байкоого болот. Иномаркадагылар, негизинен, туристтер. Аларды тейлөөчү туристтик фирманын ээси - Абазганов Болот. Ата жолун жолдоп, аны узарткан азаматтардын бири. Атасы Армия токой чарбасында 45 жыл иштеген. Болот 1998-ж. ЫМУнун токой факультетин аяктап, токойчулукта иштеген, коммерсант да боло койгон. Бирок мындай ишмердүүлүк аны анча канагаттандырбады; токойчулук, малчылык; саамал, кымыз менен дарылоонун, туризмдин башын бириктирген комплекс түзүүнү чечти. Фирманы ачарда аны көптөгөн адамдар (туугандары, тааныштары, жоро-жолдоштору, кошуналары ж.б.) түшүнүшпөдү: бээнин сүтүн да киши ичеби, аны менен дарыланат дегени эмнеси, ошого да адам келеби?

Болотту түшүнгөндөрдүн, жолун ачкандардын бири - белгилүү терапевт Ж.Ибраева. Ички органдардын оорулабрын алдын алуу; ооруп калса, так диагноз коюп, айыктырууда көп жылдык бай тажрыйбасы бар врач саамал, кымыздын адамга жагымдуу касиеттери, алардын курамы, ичүү эрежеси ж.б. боюнча Болотко кеңири консультация, ал тургай, илимий адабияттарды берген. Түйшүк муну менен эле бүтүп калбады - тиешелүү документтерди топтоо да машакаттуу иш экен – чыдады. Чыдаган жеъет эмеспи.

Ошентип, турфирма 2005-ж. ачылганда материалдык-техникалык базасы анча деле даражалуу эмес эле. Алгачкы он чакты туристти жасалгалуу, алты канат эки боз үйгө жайгаштырды. Бара-бара 8-9 орундуу вагонеткалар орун алды; ашкана, очоккана, тиричиликке керектүү ж.б. объектилер курулду. Көч бара-бара түзөлүп, июль-августтарда 35-40 туристти тейлей алган турфирмага айланды. Анын атагы алыска тарады: эс алуучулардын арасында Германия, Казакстан, Россия, АКШдан келгендер да бар. 2011-ж. Калифорниядан 6 киши 10 күн жүрүп, эс алмак турсун, бээнин сүтүн илимий жактан изилдешкен.

Турфирманын негизги кызматтары:

- ылайыктуу жайгаштыруу;
- туристтерди жөө жана атчан узатып, жол көрсөтүү, тилмеч болуу;
- талаанын таттуу даамдарын уюштуруу;

- улуттук ат оюндарды көрсөтүү;

- Каркыра капчыгайындагы «Бүркүт-Таш», «Мазар-Булак», «Туз», «Турналуу-Көлгө» ж.б. саякаттоо;

- балык кармоо;

- бээнин жылуу сүтүн, буркураган кымызын ичирүү;

- телевизор көрүүгө; нард, шахмат, шашка ойноого, областтык, республикалык ж.б. газеталарды окуп турууга шарт түзүү. Буларга суткасына 800 сом төлөнөт.

Кызыктуу дагы бир экзотикага күбө болосуъ. Көз уялткан ак мөңгүлүү Хан-Теңирге КРнын Коргоо министрлигинин тик учмасы менен саякаттасаъ да өз эркин. Ал үчщн 300 эле доллар жумшайсын - ар тараптуу эс алууда эмнеңди аяйт элең…

Калдайган жалбырактуу өсүмдүктү марал кулак дешет. Ал тоонун назик чөптөрүн басып калып, алардын өсүшүнө тоскоолдук жаратат. Совет доорунда отоо чөптөрдү жок кылуу үчүн химия колдонулган, айыл чарба авиациясы менен дары чачылган. Бирок химия маданий өсүмдүктөргө да зыянын тийгизбей койгон эмес. Ата-бабалар марал кулак, коко тикенди жок кылууда төөлөрдщ пайдаланган. Алардын эъ жакшы көргөн салаты – марак кулак, коко тикен, куурайлар. Ошондуктан Кыргызстандын жайлоосундагы малчылар төөлөрдү өстүрүүгө далалаттанса, жайыттар химиясыз эле тазаланмак. Экинчиден, төөнүн чуудасы табылбаган сырье; үчүнчүдөн, төөнүн териси кол өнөрчүлүктү өнүктүрүүдө пайдалуу.

Сыркоолоп келгендер 10 күндщк эс алууда мурункусуна окшобогон ден соолука ээ болушат; ичин тазалашып, тамак сиңиримдүүлүктү жакшыртышат; ашказан жараттарынан кутулушат; бронхит, кургак учукту курутушат; аз кандуулуктан арылып, иммунитетти жогорулатышат; эмдиги жылы кайра келүүнү эңсешет; жомокто жок жаратылыштын сыйкырдуу табийгатынын мээримдүү кучагында дагы бир ирет болгусу келишет; жер жайнаган, жайлоону жайлаган малдын ичинен марал көздүү, элик төштүү жылкыларды кайталап көрүүнү самашат. Баарыдан да, Болоттун турфирмасынын меймандостугу менен достошконуна төбөсү көккө жетет.

Ошентип, Ысык-Көлдө туризм өнүгүп келет. Бирок маселе аны эл аралык инфраструктуранын деъгээлине көтөрүү милдети алдыда турат. Бул өъдүү проблемалар 2014–ж. мартында Ысык-Көл областтык администрациясында каралып, тиешелүү чечимдер кабыл алынгандыгын ички жана тышкы туристтер билип коюшкандыгы алардын пайдасына гана чечилет.

Адабияттар:

1. Бердибаева А. Культурный туризм: история и перспективы развития. -Б., 2013.
2. Шакитов Ш. Көп кырдуу Каркырада. //Кыргыз тили жана адабияты, 2013, № 24.
3. www.tourist.kg.
4. www.issyk-kul.com.